**АЧЫК ОФЕРТА**
**товарлардын чекене соода-сатык келишимин түзүү жөнүндө**

Ушул документ Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 398-беренесинин 2-пунктуна, 457-беренесине жана 455-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Сатуучунун жеке жактардын айрым чөйрөсүнө кайрылуусу менен төмөндө баяндалган шарттарда товарлардын чекене соода-сатык келишимин түзүү жөнүндө жолдогон ачык офертасы (сунушу) болуп саналат (мындан ары – «**Оферта**»). Оферта **«НУР Телеком» ЖЧКсы** (мындан ары – «**Сатуучу**») тарабынан O!Store интернет-дүкөнүнүн https://ostore.kg сайты же сайттын мобилдик версиясы (мындан ары – «**Сайт**») жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы O!Store чекене дүкөндөрү (мындан ары – «**Дүкөн**») аркылуу сатылуучу товарларды жеке жактар тарабынан сатып алуусунун жалпы тартибин, ошондой эле сатылып алынган товарларды пайдалануунун, алып чыгуунун, реэкспорттоонун жана кийин аларды өткөрүп берүүнүн айрым шарттарын аныктайт.

Оферта Сатып алуучуга Товарды сатып алганга чейин жеткирилген конкреттүү товар, анын мүнөздөмөлөрү, баасы, комплекттүүлүгү, төлөө, жеткирүү шарттары жана сатып алуунун башка шарттары жөнүндөгү маалымат менен бирге колдонулат.

Сатуучу менен Сатып алуучунун ортосундагы мамилелер ушул Оферта жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат. Ушул Оферта менен жөнгө салынбаган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары колдонулат.

Ушул Оферта Товарды ишкердик ишти жүзөгө ашыруу менен байланышкан максаттар үчүн сатып алууга колдонулбайт.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Сатуучу Сайтта, ошондой эле Дүкөндө сунушталган электрондук жана башка товарлардын чекене сатуусун жүзөгө ашырат.

1.2. **Сатып алуучу** – Сатуучудан Товарды ишкердик ишти жүзөгө ашыруу менен байланышпаган жеке, үй-бүлөлүк, тиричиликтик жана башка муктаждыктары үчүн сатып алуучу жеке жак.

1.3. **Товар** – Сайтта жана/же Дүкөндө сунушталган товар.

1.4. **Товардын олуттуу кемчилиги** – товарды анын багытталган максатына ылайык пайдалануусун мүмкүн эмес же жол берилгис

**ПУБЛИЧНАЯ ОФЕРТА**
**о заключении договора розничной купли-продажи товаров**

Настоящий документ является публичной офертой (предложением) Продавца в соответствии с пунктом 2 статьи 398, статьей 457 и пунктом 2 статьи 455 Гражданского кодекса Кыргызской Республики, адресованным неопределенному кругу физических лиц, о заключении договора розничной купли-продажи товаров на изложенных ниже условиях (далее — **«Оферта»**). Оферта определяет общий порядок приобретения физическими лицами товаров, реализуемых **ООО «НУР Телеком»** (далее — **«Продавец»**) через сайт интернет-магазина O!Store https://ostore.kg или мобильную версию сайта (далее — **«Сайт»**) и розничные магазины O!Store на территории Кыргызской Республики (далее — **«Магазин»**), а также отдельные условия использования, вывоза, реэкспорта и последующей передачи приобретенных товаров.

Оферта применяется совместно с информацией о конкретном товаре, его характеристиках, цене, комплектности, условиях оплаты, доставки и иных условиях приобретения, доводимой до сведения Покупателя до приобретения им Товара.

Отношения между Продавцом и Покупателем регулируются настоящей Офертой и законодательством Кыргызской Республики. В части, не урегулированной настоящей Офертой, применяется законодательство Кыргызской Республики.

Настоящая Оферта не применяется к приобретению Товара для целей, связанных с осуществлением предпринимательской деятельности.

**1. Общие положения**

1.1. Продавец осуществляет розничную продажу электронных и иных товаров, представленных на Сайте, а также в Магазине.

1.2. **Покупатель** — физическое лицо, приобретающее Товар у Продавца для личных, семейных, домашних и иных нужд, не связанных с осуществлением предпринимательской деятельности.

1.3. **Товар** — товар, представленный к продаже на Сайте и/или в Магазине.

1.4. **Существенный недостаток Товара** — недостаток, который делает невозможным или недопустимым использование товара в

кылган, же аны четтетүүгө мүмкүн болбогон, же четтеткенден кийин ал кайрадан пайда болгон, же аны четтетүү үчүн чоң чыгымдар талап кылынган, же анын кесепетинен керектөөчү келишим түзүүдө үмүт кылган нерсесинен олуттуу деңгээлде ажыраган кемчилик.

1.5. **Техникалык жактан татаал Товар** – керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген техникалык жактан татаал товарлардын тизмесине киргизилген Товар.

1.6. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 457-беренесине ылайык, Сатып алуучу Сатуучуга Сайт аркылуу же түздөн-түз Дүкөндөн кайрылганына карабастан, Товарды сатылуучу жерге (текчелерге, стеллаждарга, Дүкөн витриналарына) коюу, муну менен катар Сайттагы Товар баракчасында анын сыпаттамасын, мүнөздөмөлөрүн, сүрөттөрүн жана баасын жайгаштыруу товардын ачык офертасы катары таанылат. Чекене соода-сатык келишиминин олуттуу шарттары, тактап айтканда конкреттүү Товардын аталышы, негизги мүнөздөмөлөрү, комплекттүүлүгү жана баасы Сайттагы Товардын тиешелүү баракчасында көрсөтүлөт жана/же Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 458-беренесине ылайык Товар сатып алынганга чейин түздөн-түз Дүкөндө Сатып алуучунун кабарына жеткирилет. Товар жөнүндө маалымат (анын ичинде баасы жана бар экендиги) маалыматтык мүнөзгө ээ; Товардын бар экендиги жана актуалдуу баасы келишим түзүлгөнгө чейин Сатуучу тарабынан ырасталат. Сатуучу сатууда жок Товарды, ошондой эле техникалык катанын кесепетинен баасы туура эмес көрсөтүлгөн Товарды сатууга милдеттүү эмес.

1.7. Сатып алуучу Товарды түздөн-түз Дүкөндөн сатып алууга же кийинчерээк сатып алуу үчүн Сайттын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен Сайт аркылуу Суроо-талап же Заказ тариздөөгө укуктуу: «1 басуу менен сатып алуу» (мындан ары – «Суроо-талап») функциясы аркылуу Суроо-талап жөнөтүүгө же Товарды Себетке кошуп, каралган форманы толтуруп, андан ары Сайттын функционалында белгиленген тартипте Заказды ырастоого (мындан ары – «Заказ»). Суроо-талапты же Заказды тариздөөнүн өзү эле Товарды сатып алуу, Офертаны акцептөө болуп саналбайт жана

соответствии с его целевым назначением либо не может быть устранен, либо проявляется вновь после устранения, либо для устранения, которого требуются большие затраты, либо вследствие которого потребитель в значительной степени лишается того, на что он был вправе рассчитывать при заключении договора.

1.5. **Технически сложный Товар** — Товар, включенный в перечень технически сложных товаров, утвержденный Кабинетом Министров Кыргызской Республики в соответствии с законодательством Кыргызской Республики о защите прав потребителей.

1.6. В соответствии со статьей 457 Гражданского кодекса Кыргызской Республики выставление Товара в месте продажи (на прилавках, стеллажах, витринах Магазина), а равно размещение на странице Товара на Сайте его описания, характеристик, фотографий и цены признается публичной офертой товара независимо от того, обращается ли Покупатель к Продавцу через Сайт или непосредственно в Магазине. Существенные условия договора розничной купли-продажи, а именно наименование, основные характеристики, комплектность и цена конкретного Товара, указываются на соответствующей странице Товара на Сайте и/или доводятся до сведения Покупателя непосредственно в Магазине до приобретения Товара, в соответствии со статьей 458 Гражданского кодекса Кыргызской Республики. Информация о Товаре (включая цену и наличие) носит информационный характер; наличие Товара и актуальная цена подтверждаются Продавцом до заключения договора. Продавец не обязан продавать Товар, отсутствующий в наличии, а также Товар, цена которого указана ошибочно вследствие технической ошибки.

1.7. Покупатель вправе приобрести Товар непосредственно в Магазине либо, для последующего приобретения Товара оформить через Сайт Запрос или Заказ, воспользовавшись предусмотренным на Сайте функционалом: направить запрос посредством функции «Купить в 1 клик» (далее — «Запрос») либо оформить заказ посредством добавления Товара в Корзину, заполнения предусмотренной формы и последующего подтверждения Заказа в порядке, предусмотренном функционалом Сайта (далее — «Заказ»). Оформление Запроса или Заказа само по себе не является

чекене соода-сатык келишимин түзүүгө алып келбейт.

1.8. Заказды тариздөө үчүн Сатып алуучу тандалган Товарды Себетке салат, Сайттын функционалында каралган, жеткирүү жана Сатып алуучу менен байланышуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды көрсөтөт, жеткиликтүү варианттардын ичинен төлөө ыкмасын тандайт жана Себеттин курамын дагы, Заказдын шарттарын дагы ырастайт. Жеткиликтүү төлөө ыкмалары, жеткирүү аймагы менен шарттары, ошондой эле Заказга тиешелүү башка маалыматтар Сайттын тиешелүү бөлүмдөрүндө көрсөтүлөт жана/же Заказ ырасталганда Сатып алуучуга көрсөтүлөт.

1.9. «1 басуу менен сатып алуу» функциясы аркылуу Суроо-талап жөнөтүү үчүн Сатып алуучу Товарды тандайт жана кайра байланышуу үчүн телефон номерин көрсөтөт. Суроо-талапты алгандан кийин Сатуучу Товардын бар-жогун, анын актуалдуу баасын, жеткирүү шарттарын, төлөө ыкмасын жана сатып алуунун башка шарттарын тактоо үчүн Сатып алуучу менен байланышат.

1.10. Товар түздөн-түз Дүкөндөн сатып алынганда Сатып алуучу сатыкка чыгарылган товар ассортиментинин ичинен Товарды өз алдынча тандайт. Төлөгөнгө чейин Сатып алуучу Товар жөнүндө маалымат, анын актуалдуу баасы, негизги мүнөздөмөлөрү, комплекттүүлүгү жана кепилдик шарттары (эгер бар болсо) менен таанышат. Сатып алуучу тандалган Товарды тиешелүү Дүкөндө жеткиликтүү болгон төлөө ыкмаларынын бири менен кассадан төлөйт жана Товардын төлөнгөндүгүн ырастаган кассалык, электрондук же башка документти алат.

1.11. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 456-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында келишимди түзүүнүн башка учуру түз каралбаган болсо, Товар түздөн-түз Дүкөндөн сатып алынганына же Сайт аркылуу заказ берилгенине карабастан, Сатып алуучуга Товарга акы төлөнгөндүгүн ырастаган кассалык, электрондук же башка документ берилген учурдан тартып (келишим түзүлгөн учур) ушул Оферта акцептелген, ал эми Сатуучу менен Сатып алуучунун ортосунда чекене соода-сатык келишими түзүлгөн деп эсептелет. Дүкөндөн Товар сатып алууда Сатып алуучунун Товарды тандоо жана аны кассада төлөө боюнча аракеттери Офертаны акцептөө дегенди

приобретением Товара, акцептом Оферты и не влечет заключения договора розничной купли-продажи.

1.8. Для оформления Заказа Покупатель помещает выбранный Товар в Корзину, указывает предусмотренные функционалом Сайта сведения, необходимые для доставки и связи с Покупателем, выбирает из доступных вариантов способ оплаты и подтверждает состав Корзины и условия Заказа. Доступные способы оплаты, условия и территория доставки, а также иная применимая к Заказу информация указываются на Сайте в соответствующих разделах и/или отображаются Покупателю при подтверждении Заказа.

1.9. Для направления Запроса посредством функции «Купить в 1 клик» Покупатель выбирает Товар и указывает номер телефона для обратной связи. После получения Запроса Продавец связывается с Покупателем для уточнения наличия Товара, его актуальной цены, условий доставки, способа оплаты и иных условий приобретения.

1.10. При приобретении Товара непосредственно в Магазине Покупатель самостоятельно выбирает Товар из представленного в продаже ассортимента. До оплаты Покупатель знакомится с информацией о Товаре, его актуальной цене, основных характеристиках, комплектности и условиях гарантии (при ее наличии). Покупатель оплачивает выбранный Товар на кассе одним из доступных в соответствующем Магазине способов оплаты и получает кассовый, электронный или иной документ, подтверждающий оплату Товара.

1.11. В соответствии со статьей 456 Гражданского кодекса Кыргызской Республики настоящая Оферта считается акцептованной, а договор розничной купли-продажи — заключенным между Продавцом и Покупателем с момента выдачи Покупателю кассового, электронного или иного документа, подтверждающего оплату Товара (момент заключения договора), независимо от того, был ли Товар приобретен непосредственно в Магазине или заказан через Сайт, если иной момент заключения договора прямо не предусмотрен законодательством Кыргызской Республики. При приобретении Товара в Магазине акцепт Оферты выражается в совершении Покупателем действий по выбору Товара и его оплате на кассе; при приобретении Товара

билдирет; ал эми Сайт аркылуу Товар сатып алууда – Заказ таризделип жана ырасталгандан кийин же Суроо-талап боюнча аны сатып алуу шарттары макулдашылгандан кийин Товар үчүн төлөм жүргүзүү акцепт болот. Заказды ырастоонун же «1 басуу менен сатып алуу» функциясы аркылуу Суроо-талап жөнөтүүнүн өзү эле Офертаны акцептөө болуп саналбайт.

**2. Товарды сатып алуу жана ага төлөө тартиби**

2.1. Товарды кийинчерээк сатып алуу максатында Сатып алуучу Сайттын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен «1 басуу менен сатып алуу» функциясы аркылуу Суроо-талап жөнөтүүгө же Товарды Себетке кошуп, каралган форманы толтурууга жана Сайттын функционалында белгиленген тартипте Заказды ырастоого укуктуу.

2.2. Суроо-талапты алгандан кийин Сатуучу жөндүү мөөнөттө көрсөтүлгөн телефон номери аркылуу Сатып алуучу менен байланышып, Товардын бар-жогун жана актуалдуу баасын ырастайт, ошондой эле алуу ыкмасын (өзү алып кетүү же жеткирүү), дарегин, жеткирүү күнү менен убактысын, жеткирүү наркын (эгер бар болсо) жана төлөө ыкмасын макулдашат; келишим ушул Офертанын 1.11-пунктунда каралган тартипте жана учурда түзүлөт, ал эми эгер Сатып алуучу менен байланышууга мүмкүн болбосо же шарттар макулдашылбаса, Сатуучу Суроо-талапты актуалдуу эмес деп эсептөөгө укуктуу. Заказды тариздөөдө тандалган Товар, анын баасы, жеткиликтүү төлөө ыкмалары жана жеткирүү шарттары жөнүндө маалымат Заказды ырастаганга чейин Сайтта Сатып алуучуга көрсөтүлүп турат.

2.3. Товарды Сайт аркылуу сатып алууда Товардан баш тартуунун жана аны кайтаруунун төмөнкү шарттары колдонулат:

2.3.1. Товар берилгенге чейин Сатып алуучу каалаган убакта андан баш тартууга укуктуу.

2.3.2. Техникалык жактан татаал товарларга кирбеген талаптагыдай сапаттагы Товар берилгенден кийин, Сатып алуучу Товардын товардык көрүнүшү, керектөө касиеттерин жана сатып алууну ырастаган документти сактоо шарттары менен, Кыргыз Республикасынын «Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын $24^1$-беренесинде каралган тартипте, шарттарда жана мөөнөттөрдө андан баш тартууга укуктуу.

через Сайт — в оплате Товара после оформления и подтверждения Заказа либо согласования условий его приобретения по Запросу. Само по себе подтверждение Заказа или направление Запроса посредством функции «Купить в 1 клик» акцептом Оферты не является.

**2. Порядок приобретения и оплаты Товара**

2.1. Для последующего приобретения Товара Покупатель может через Сайт направить Запрос посредством функции «Купить в 1 клик» либо сформировать Заказ посредством добавления Товара в Корзину, заполнения предусмотренной формы и последующего подтверждения Заказа в порядке, предусмотренном функционалом Сайта.

2.2. После получения Запроса Продавец в разумный срок связывается с Покупателем по указанному номеру телефона, подтверждает наличие Товара и актуальную цену и согласовывает с ним способ получения (самовывоз или доставка), адрес, дату и время доставки, стоимость доставки (при ее наличии) и способ оплаты; договор заключается в порядке и в момент, предусмотренные п.1.11. настоящей Оферты, а если связаться с Покупателем не удалось либо условия не согласованы, Продавец вправе считать Запрос неактуальным. При оформлении Заказа информация о выбранном Товаре, его цене, доступных способах оплаты и условиях доставки отображается Покупателю на Сайте до подтверждения Заказа.

2.3. При приобретении Товара через Сайт применяются следующие условия отказа от Товара и его возврата:

2.3.1. До передачи Товара Покупатель вправе отказаться от него в любое время.

2.3.2. После передачи Товара надлежащего качества, не относящегося к технически сложным товарам, Покупатель вправе отказаться от него в порядке, на условиях и в сроки, предусмотренные статьей $24^1$ Закона Кыргызской Республики «О защите прав потребителей», при условии сохранения товарного вида и потребительских свойств Товара и документа, подтверждающего покупку.

2.3.3. При обнаружении недостатков технически сложного Товара требования о его замене на Товар аналогичной марки (модели, артикула), замене на такой же Товар другой

2.3.3. Техникалык жактан татаал Товардын кемчиликтери аныкталган учурда, аны ушундай эле маркадагы (моделдеги, артикулдагы) Товарга алмаштыруу, сатып алуу баасын тиешелүү түрдө кайра эсептөө менен башка маркадагы (моделдеги, артикулдагы) ушундай эле Товарга алмаштыруу, ошондой эле соода-сатык келишимин бузуу жана Товар үчүн төлөнгөн акчалай сумманы кайтарып берүү жөнүндө талаптар Сатып алуучу тарабынан, ал Товарда тейлөө борборунун же тиешелүү экспертизанын корутундусу менен тастыкталган олуттуу кемчиликтер болгон учурда гана коюлушу мүмкүн.

2.4. Товар Дүкөндөн сатып алынганда тандоо жана сатып алууну тариздөө түздөн-түз тиешелүү Дүкөндө жүзөгө ашырылат.

2.5. Товардын баасы Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында белгиленет жана Сайттагы Товардын тиешелүү баракчасында көрсөтүлөт. «1 басуу менен сатып алуу» функциясы аркылуу Суроо-талап жөнөтүлгөндө Товардын актуалдуу баасы Сатуучу тарабынан Сатып алуучу менен кайра байланышканда тактала. Заказды тариздөөдө Товардын баасы Заказды ырастаганга чейин Сайттын функционалы аркылуу Сатып алуучуга көрсөтүлөт.

2.6. Сатып алуучу Суроо-талапты иштеп чыгуу, Заказды тариздөө жана аткаруу, Товарды жеткирүү жана өткөрүп берүү үчүн зарыл болгон анык маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

2.7. Товарды төлөөнүн жеткиликтүү ыкмалары Сатуучу тарабынан аныкталат жана Сайттын тиешелүү бөлүмүндө көрсөтүлөт жана/же Заказды тариздөөдө Сатып алуучуга көрсөтүлөт. Товар түздөн-түз Дүкөндөн сатып алынганда сатып алуу учурунда тиешелүү Дүкөндө жеткиликтүү болгон төлөө ыкмалары колдонулат.

**3. Товарды жеткирүү жана өткөрүп берүү**

3.1. Товарды Сатып алуучу таарбынан түздөн-түз Дүкөндөн сатып алынышы мүмкүн же Заказды тариздөөдө Сатып алуучу тарабынан көрсөтүлгөн же Суроо-талапты иштеп чыгууда Сатып алуучу менен макулдашылган дарек боюнча жеткирилиши мүмкүн. Жеткирүү аймагы жана жеткиликтүүлүгү Сайтта жайгаштырылган маалыматка ылайык аныкталат.

3.2. Жеткирүү шарттары, аймагы, наркы, акысыз жеткирүү шарттары жана башка тиешелүү чектөөлөр Сайттын тиешелүү

марки (модели, артикула) с соответствующим перерасчетом покупной цены, а также о расторжении договора купли-продажи и возврате уплаченной за Товар денежной суммы могут быть предъявлены Покупателем исключительно при наличии в таком Товаре существенных недостатков, подтвержденных заключением сервисного центра или соответствующей экспертизы.

2.4. При приобретении Товара в Магазине выбор и оформление покупки осуществляются непосредственно в соответствующем Магазине.

2.5. Цена Товара устанавливается в национальной валюте Кыргызской Республики и указывается на соответствующей странице Товара на Сайте. При направлении Запроса посредством функции «Купить в 1 клик» актуальная цена Товара уточняется Продавцом при обратной связи с Покупателем. При оформлении Заказа цена Товара отображается Покупателю посредством функционала Сайта до подтверждения Заказа.

2.6. Покупатель обязан предоставить достоверные сведения, необходимые для обработки Запроса, оформления и исполнения Заказа, доставки и передачи Товара.

2.7. Доступные способы оплаты Товара определяются Продавцом и указываются на Сайте в соответствующем разделе и/или отображаются Покупателю при оформлении Заказа. При приобретении Товара непосредственно в Магазине применяются способы оплаты, доступные в соответствующем Магазине на момент покупки.

**3. Доставка и передача Товара**

3.1. Товар может быть получен Покупателем непосредственно в Магазине либо доставлен по адресу, указанному Покупателем при оформлении Заказа или согласованному с Покупателем при обработке Запроса. Территория и доступность доставки определяются в соответствии с информацией, размещенной на Сайте.

3.2. Условия, территория, стоимость доставки, условия бесплатной доставки и иные применимые ограничения определяются в соответствии с актуальной информацией, размещенной в соответствующем разделе Сайта.

3.3. Срок и желаемое время доставки определяются с учетом условий доставки, наличия Товара и графика работы службы

бөлүмүндө жайгаштырылган актуалдуу маалыматка ылайык аныкталат.

3.3. Жеткирүү мөөнөтү жана каалаган убактысы жеткирүү шарттарын, Товардын бар-жогун жана жеткирүү кызматынын иш тартибин эске алуу менен аныкталат жана Заказды тариздөөдө көрсөтүлөт же Суроо-талапты иштеп чыгууда Сатып алуучу менен макулдашылат. Курьер жеткирүүнү ырастоо үчүн Сатып алуучу менен алдын ала байланышууга укуктуу.

3.4. Сатып алуучу ал көрсөткөн телефон номеринин жана жеткирүү дарегинин тууралыгын камсыз кылууга милдеттүү. Толук эмес же анык эмес маалыматтар берилген учурда жеткирүү мөөнөттөрү өзгөрүп калышы мүмкүн. Көрсөтүлгөн телефон номери аркылуу бир күндүн ичинде эки жолу чалып, Сатып алуучу менен байланышууга мүмкүн болбогон учурда Сатуучу заказды жокко чыгарууга укуктуу.

3.5. Товар Сатып алуучуга же ал көрсөткөн алуучуга иш жүзүндө өткөрүлүп берилген учурдан тартып Сатуучунун Товарды өткөрүп берүү боюнча милдеттенмеси аткарылды деп эсептелет.

3.6. Товар менен бирге Сатып алуучуга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жана тиешелүү Товарга тиешелүү документтер (эгер бар болсо) жана маалыматтар өткөрүлүп берилет.

3.7. Сатып алуучу Товарды макулдашылган убакта кабыл алууну камсыз кылууга милдеттүү. Эгерде Сатып алуучу Товарды өз күнөөсү боюнча кабыл албаса, анын ичинде макулдашылган убакта дарек боюнча Сатып алуучунун же ал көрсөткөн алуучунун жоктугуна байланыштуу же жеткирүүнү жүзөгө ашырууда ал көрсөткөн телефон номери аркылуу Сатып алуучу менен байланышууга мүмкүн болбосо, Сатуучу Заказды жокко чыгарууга же Сатып алуучу менен кайрадан жеткирүүнү макулдашууга укуктуу. Кайрадан жеткирүүнүн наркы Сайтта жайгаштырылган актуалдуу жеткирүү шарттарына ылайык аныкталат.

## 4. Товар сапаты, кепилдиктер, аны алмаштыруу жана кайтарып берүү

4.1. Сатуучу Сатып алуучуга берилген маалыматка жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын милдеттүү талаптарына жооп берген Товарды өткөрүп берүүгө милдеттүү.

4.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык милдеттүү сертификациялоого тийиш болгон Товар Сатып алуучуларга милдеттүү сертификаттоо жол-жобосунана өткөндөн кийин сатылат. Сертификаттоо жөнүндө маалымат Сатып алуучуга мыйзамда белгиленген тартипте берилиши мүмкүн.

доставки и указываются при оформлении Заказа либо согласовываются с Покупателем при обработке Запроса. Курьер вправе предварительно связаться с Покупателем для подтверждения доставки.

3.4. Покупатель обязан обеспечить корректность указанных номера телефона и адреса доставки. Предоставление неполных или недостоверных данных может повлечь изменение срока доставки. В случае невозможности связаться с Покупателем по указанному номеру телефона после двух попыток телефонного звонка, совершенных в течение одного дня, Продавец вправе отменить заказ.

3.5. Обязанность Продавца по передаче Товара считается исполненной с момента фактической передачи Товара Покупателю либо указанному им получателю.

3.6. Вместе с Товаром Покупателю передаются документы (при их наличии) и информация, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики и относящиеся к соответствующему Товару.

3.7. Покупатель обязан обеспечить получение Товара в согласованное время. Если Покупатель не принял Товар по своей вине, в том числе в связи с отсутствием Покупателя либо указанного им получателя по адресу в согласованное время или если с Покупателем не удалось связаться по указанному им номеру телефона при осуществлении доставки, Продавец вправе отменить Заказ либо согласовать с Покупателем повторную доставку. Стоимость повторной доставки определяется в соответствии с актуальными условиями доставки, размещенными на Сайте.

## 4. Качество, гарантия, обмен и возврат Товара

4.1. Продавец обязан передать Покупателю Товар, соответствующий предоставленной Покупателю информации о Товаре и обязательным требованиям законодательства Кыргызской Республики.

4.2. Товар, подлежащий в соответствии с законодательством Кыргызской Республики обязательной сертификации, реализуется Покупателям после прохождения процедуры обязательной сертификации. Информация о сертификации может быть предоставлена Покупателю в установленном законодательством порядке.

4.3. В случае установления на Товар гарантийного срока информация о нем

4.3. Товарга кепилдик мөөнөтү белгиленген учурда, ал жөнүндө маалымат кепилдик талонунда, Товардын башка документтеринде же даярдоочунун жана/же Сатуучунун маалыматында көрсөтүлөт.

4.4. Сатуучу Товардын айрым аталыштарын (түрлөрүн) Товар менчигинде турган үчүнчү тараптардын тапшыруусу боюнча сата тургандыгы тууралуу шартка Сатып алуучу макул болот. Конкреттүү Товарга жараша кепилдик тейлөө кепилдик шарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөнкү жактардын бири тарабынан жүзөгө ашырылышы мүмкүн: Сатуучу, даярдоочу, Товар анын тапшыруусу боюнча сатылып жаткан үчүнчү тарап, ошондой эле тейлөө борбору же башка ыйгарым укуктуу жак.

4.5. Товардын сапатына байланыштуу талаптарды карап чыгуу тартиби конкреттүү Товардын өзгөчөлүктөрүн, берилген кепилдиктин шарттарын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен аныкталат. Зарыл болгон учурда Товар сапатын текшерүү жана/же диагностика үчүн тейлөө борборуна же ыйгарым укуктуу жакка жөнөтүлүшү мүмкүн.

4.6. Товар Сатып алуучуга өткөрүлүп берилгенден кийин Сатып алуучу тарабынан Товарды пайдалануунун, сактоонун же ташуунун белгиленген эрежелерин бузуунун же үчүнчү тараптардын аракеттеринин кесепетинен келип чыккан Товардын кемчиликтери үчүн Сатуучу жооп бербейт.

4.7. Талаптагыдай жана талаптагыдай эмес сапаттагы Товарды алмаштыруу жана кайтарып берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

4.8. Сатып алуучу техникалык жактан татаал товарга карата, аны сатып алуу ыкмасына карабастан, окшош маркадагы (модель, артикул) товарга алмаштыруу, сатып алуу баасын тиешелүү түрдө кайра эсептөө менен башка маркадагы (модель, артикул) ушундай эле товарга алмаштыруу, ошондой эле соода-сатык келишимин бузуу жана товар үчүн төлөнгөн акча каражатын кайтарып берүү жөнүндөгү талаптарын Сатуучуга тейлөө борборунун же тиешелүү экспертизанын корутундусу менен тастыкталган олуттуу кемчиликтер товарда болгон учурда гана коюуга макулдук берет.

указывается в гарантийном талоне, иной документации на Товар либо в информации изготовителя и/или Продавца.

4.4. Покупатель соглашается с условием о том, что некоторые наименования (виды) Товара Продавец реализует по поручению третьих лиц, в чьей собственности находится Товар. В зависимости от конкретного Товара гарантийное обслуживание может осуществляться одним из следующих лиц: Продавцом, изготовителем, третьим лицом, по поручению которого производится реализация Товара, а также сервисным центром или иным уполномоченным лицом в соответствии с условиями гарантии и законодательством Кыргызской Республики.

4.5. Порядок рассмотрения требований, связанных с качеством Товара, определяется с учетом особенностей конкретного Товара, условий предоставленной гарантии и требований законодательства Кыргызской Республики. При необходимости Товар может быть направлен на проверку качества и/или диагностику в сервисный центр или уполномоченному лицу.

4.6. Продавец не отвечает за недостатки Товара, возникшие после его передачи Покупателю вследствие нарушения Покупателем установленных правил использования, хранения или транспортировки Товара либо действий третьих лиц.

4.7. Обмен и возврат Товара надлежащего и ненадлежащего качества осуществляются в случаях, порядке и сроки, установленные законодательством Кыргызской Республики.

4.8. Покупатель соглашается с условием о том, что в отношении технически сложного Товара, независимо от способа его приобретения, требования о его замене на Товар аналогичной марки (модели, артикула), замене на такой же Товар другой марки (модели, артикула) с соответствующим перерасчетом покупной цены, а также о расторжении договора купли-продажи и возврате уплаченной за Товар денежной суммы могут быть предъявлены Покупателем Продавцу исключительно в случае наличия в Товаре существенных недостатков, подтвержденных заключением сервисного центра или соответствующей экспертизы.

**5. Права и обязанности Сторон**

**5.1. Продавец обязан:**

**5. Тараптардын укуктары жана милдеттенмелери**

5.1. **Сатуучу милдеттүү:**

5.1.1. Сатып алуучуга Товар жана аны сатып алуу шарттары жөнүндө зарыл болгон жана ишенимдүү маалыматты берүүгө;

5.1.2. Сатып алуучуга Дүкөндөн түздөн-түз сатылып алынган Товарды, же Заказды тариздөөдө же Суроо-талапты иштеп чыгуунун жыйынтыгы боюнча макулдашылган шарттарда Сатып алуучу тарабынан төлөнгөн Товарды өткөрүп берүүгө;

5.1.3. Менчик укугунда Сатуучуга таандык болгон Товарга карата, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген Товардын сапатына, коопсуздугуна жана шайкештигин тастыктоого коюлган милдеттүү талаптардын сакталышын камсыз кылууга. Агенттик же башка ушундай эле мамилелердин алкагында Сатуучу тарабынан сатылуучу жана Сатуучуга менчик укугунда таандык болбогон Товарга карата, мындай Товардын сапаты, коопсуздугу жана шайкештигин тастыктоо жөнүндө мыйзамдарда каралган маалыматтын Сатып алуучуга берилишин камсыз кылууга;

5.1.4. Менчик укугунда Сатуучуга таандык болгон Товарга карата, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана кепилдик шарттарында каралган тартипте жана шарттарда кепилдик тейлөөнү камсыз кылууга. Агенттик же башка ушундай эле мамилелердин алкагында Сатуучу тарабынан сатылуучу жана Сатуучуга менчик укугунда таандык болбогон Товарга карата, кепилдик тейлөө төмөнкү жактардын бири тарабынан жүзөгө ашырылышы мүмкүн: даярдоочу, жеткирүүчү, ыйгарым укуктуу тейлөө борбору же башка ыйгарым укуктуу жак. **Мындай Товардын кемчиликтерине байланыштуу Сатып алуучунун кайрылуулары ушул Офертанын 4.5-пунктунда каралган тартипте кабыл алынат жана каралат.** Кепилдик тейлөөнүн тартиби жана орду жөнүндө маалымат Сатып алуучуга Товарды сатууда жеткирилет;

5.1.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди аткарууга.

5.2. **Сатып алуучу милдеттүү:**

5.2.1. Сатуучу тарабынан Суроо-талапты иштеп чыгуу, Заказды тариздөө жана аткаруу, ошондой эле Товарды өткөрүп берүү үчүн зарыл болгон анык маалыматтарды берүүгө;

5.1.1. предоставить Покупателю необходимую и достоверную информацию о Товаре и условиях его приобретения;

5.1.2. передать Покупателю Товар, приобретенный непосредственно в Магазине, либо Товар, оплаченный Покупателем при оформлении Заказа или по согласованным по результатам обработки Запроса условиям;

5.1.3. в отношении Товара, принадлежащего Продавцу на праве собственности, обеспечивать соблюдение установленных законодательством Кыргызской Республики обязательных требований к качеству, безопасности и подтверждению соответствия Товара. В отношении Товара, реализуемого Продавцом в рамках агентских или иных аналогичных отношений и не принадлежащего Продавцу на праве собственности, обеспечивать предоставление Покупателю предусмотренной законодательством информации о качестве, безопасности и подтверждении соответствия такого Товара.

5.1.4. в отношении Товара, принадлежащего Продавцу на праве собственности, обеспечивать гарантийное обслуживание в порядке и на условиях, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики и условиями гарантии. В отношении Товара, реализуемого Продавцом в рамках агентских или иных аналогичных отношений и не принадлежащего Продавцу на праве собственности, гарантийное обслуживание может осуществляться одним из следующих лиц: изготовителем, поставщиком, уполномоченным сервисным центром или иным уполномоченным лицом. **Обращения Покупателя, связанные с недостатками такого Товара, принимаются и рассматриваются в порядке, предусмотренном пунктом 4.5 настоящей Оферты**. Информация о порядке и месте гарантийного обслуживания доводится до сведения Покупателя при продаже Товара.

5.1.5. исполнять иные обязанности, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

**5.2. Покупатель обязан:**

5.2.1. предоставлять достоверные сведения, необходимые для обработки Продавцом Запроса, оформления и исполнения Заказа и передачи Товара;

5.2.2. оплатить и принять Товар в установленном порядке, а при получении

5.2.2. Товарды белгиленген тартипте төлөп алууга жана кабыл алууга, ал эми алган учурда анын тарызделген Заказга же Суроо-талап боюнча макулдашылган шарттарга шайкештигин, комплекттүүлүгүн, таңгагынын бүтүндүгүн жана көрүнүп турган бузулуулар жок экендигин текшерүүгө;

5.2.3. Товарды ишкердик ишти жүзөгө ашыруу менен байланышпаган жеке, үй-бүлөлүк, тиричиликтик жана башка муктаждыктар үчүн сатып алууга;

5.2.4. Товарды анын багытына ылайык колдонууга жана даярдоочунун аны колдонуу, сактоо жана ташуу боюнча талаптарын сактоого;

5.2.5. Товарды алып чыгууга, реэкспорттоого жана кийин өткөрүп берүүгө карата ушул Офертада белгиленген чектөөлөрдү сактоого;

5.2.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген техникалык жактан татаал Товарлардын талаптагыдай эмес сапатына карата талаптарды коюу тартибин жана шарттарын сактоого, анын ичинде мындай Товарды окшош маркадагы (моделдеги, артикулдагы) Товарга алмаштыруу, сатып алуу баасын тиешелүү түрдө кайра эсептөө менен башка маркадагы (моделдеги, артикулдагы) ушундай эле Товарга алмаштыруу, ошондой эле соода-сатык келишимин бузуу жана Товар үчүн төлөнгөн акчалай сумманы кайтарып берүү жөнүндө талап тейлөө борборунун же тиешелүү экспертизанын корутундусу менен тастыкталган олуттуу кемчилик Товарда болгон учурда гана коюлушу мүмкүн экендигин эске алууга.

**6. Товарды алып чыгууга, реэкспорттоого жана кийин өткөрүп берүүгө карата чектөөлөр**

6.1. Ушул Офертада каралган кандай гана ыкма менен болбосун Товарды сатып алууда, Сатып алуучу ушул бөлүмдө белгиленген чектөөлөр менен таанышканын, аларды кабыл аларын жана Товарды пайдаланууда, алып чыгууда, өткөрүп берүүдө, сатууда же башка түрдө ээликтен ажыратып берүүдө төмөнкү талаптарды сактоого милдеттенерин ырастайт:

6.1.1. Товар өзүнүн мүнөздөмөлөрүнө жана даярдоочунун документациясына (эгер бар болсо) ылайык түз максаты боюнча жеке турмуш-тиричилик муктаждыктары үчүн сатып алынат.

6.1.2. Сатуучунун алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз сатып алынган Товарды реэкспорттоого тыюу салынат.

проверить его соответствие оформленному Заказу либо согласованным по Запросу условиям, комплектность, целостность упаковки и наличие видимых повреждений;

5.2.3. приобретать Товар для личных, семейных, домашних и иных нужд, не связанных с осуществлением предпринимательской деятельности.

5.2.4. использовать Товар в соответствии с его назначением и соблюдать требования изготовителя по его использованию, хранению и транспортировке;

5.2.5. соблюдать установленные настоящей Офертой ограничения в отношении вывоза, реэкспорта и последующей передачи Товара;

5.2.6. соблюдать установленные законодательством Кыргызской Республики порядок и условия предъявления требований в отношении ненадлежащего качества технически сложных Товаров, в том числе учитывать, что требование о замене такого Товара на Товар аналогичной марки (модели, артикула), замене на такой же Товар другой марки (модели, артикула) с соответствующим перерасчетом покупной цены, а также о расторжении договора купли-продажи и возврате уплаченной за Товар денежной суммы может быть предъявлено только при наличии в Товаре существенного недостатка, подтвержденного заключением сервисного центра или соответствующей экспертизы.

**6. Ограничения вывоза, реэкспорта и последующей передачи Товара**

6.1. Приобретая Товар любым предусмотренным настоящей Офертой способом, Покупатель подтверждает, что ознакомлен с ограничениями, установленными настоящим разделом, принимает их и обязуется при использовании, вывозе, передаче, продаже или ином отчуждении Товара соблюдать следующие требования:

6.1.1. Товар приобретается для личного бытового использования по его прямому назначению в соответствии с его характеристиками и документацией изготовителя (при ее наличии).

6.1.2. Реэкспорт приобретенного Товара без предварительного письменного согласия Продавца запрещается.

6.1.3. Покупатель обязуется не осуществлять реэкспорт, передачу, перепродажу или иное отчуждение Товара на территорию государств либо в пользу лиц, в

6.1.3. Сатып алуучу Бириккен Улуттар Уюму, Европа Биримдиги, Америка Кошмо Штаттары же башка мамлекеттер тарабынан киргизилген санкциялар, чектөөлөр же эмбарголор колдонулган мамлекеттердин аймагына же мындай жактардын пайдасына Товарды реэкспорттоого, өткөрүп берүүгө, кайра сатууга же башка түрдө ээликтен ажыратып берүүгө жол бербөөгө милдеттенет (эгерде мындай чектөөлөр тиешелүү Товарга же аны менен жасалган операцияга жайылтылса).

6.1.4. Товарды үчүнчү тарапка кийин өткөрүп берүүдө, сатууда же башка түрдө ажыратып берүүдө Сатып алуучу ушул бөлүмдө каралган чектөөлөрдүн ошол тарап тарабынан сакталышын камсыз кылууга милдеттүү.

6.2. Сатып алуучу ушул бөлүмдө каралган милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат. Көрсөтүлгөн милдеттенмелер бузулган учурда Сатып алуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана чектен чыкпастан, мындай бузуудан түздөн-түз келтирилген документ менен тастыкталган зыяндын ордун Сатуучуга толтуруп берүүгө милдеттүү.

6.3. Сатып алуучу көрсөтүлгөн милдеттенмелерди бузгандыгынын же үчүнчү тараптардын аракеттеринин натыйжасында келип чыккан терс кесепеттер үчүн, эгерде Кыргыз Республикасынын императивдик ченемдеринде башкача каралбаса, Сатуучу жоопкерчилик тартпайт.

**7. Талаптардын жоопкерчилиги**

7.1. Ушул Оферта боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7.2. Сатып алуучу анык эмес, толук эмес же ката маалыматтарды бергендигинен улам же башка обьективдүү жагдайлардын кесепетинен Суроо-талапты иштеп чыгууга, Заказды тариздөөгө же аткарууга, ошондой эле Товарды өткөрүп берүүгө мүмкүн эмес болгон учурлар үчүн Сатуучу жоопкерчилик тартпайт.

7.3. Эгерде Тарап мындай бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана чектерде форс-мажордук жагдайлардын кесепетинен келип чыкканын далилдесе, милдеттенмелерди аткарбагандыгы

отношении которых действуют санкции, ограничения или эмбарго, введенные Организацией Объединенных Наций, Европейским союзом, Соединенными Штатами Америки или иными государствами, если такие ограничения распространяются на соответствующий Товар или операцию с ним.

6.1.4. При последующей передаче, продаже или ином отчуждении Товара третьему лицу Покупатель обязан обеспечить соблюдение таким лицом ограничений, предусмотренных настоящим разделом.

6.2. Покупатель несет ответственность за нарушение обязательств, предусмотренных настоящим разделом, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики. В случае нарушения указанных обязательств Покупатель обязан возместить Продавцу документально подтвержденные убытки, непосредственно причиненные таким нарушением, в порядке и пределах, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики.

6.3. Продавец не несет ответственности за неблагоприятные последствия, возникшие вследствие нарушения Покупателем указанных обязательств либо действий третьих лиц, если иное не предусмотрено императивными нормами законодательства Кыргызской Республики.

**7. Ответственность Сторон**

7.1. За неисполнение или ненадлежащее исполнение обязательств по настоящей Оферте и заключенному договору купли-продажи Стороны несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

7.2. Продавец не несет ответственности за невозможность обработки Запроса, оформления или исполнения Заказа либо передачи Товара, возникшую вследствие предоставления Покупателем недостоверных, неполных или ошибочных сведений или иных объективных обстоятельств.

7.3. Сторона освобождается от ответственности за неисполнение или ненадлежащее исполнение обязательств, если докажет, что такое нарушение произошло вследствие обстоятельств непреодолимой силы, в случаях и пределах, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики.

7.4. Ответственность Продавца в отношении недостатков Товара, отнесенного законодательством Кыргызской Республики к технически сложным товарам, определяется с

же талаптагыдай эмес аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

7.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында техникалык жактан татаал товарларга киргизилген Товардын кемчиликтери боюнча Сатуучунун жоопкерчилиги ушул Офертанын 4.8-пунктунда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген атайын эрежелерди эске алуу менен аныкталат. Олуттуу болуп саналбаган кемчиликтин болушу өз алдынча техникалык жактан татаал Товарды алмаштырууга же соода-сатык келишимин бузууга жана Товар үчүн төлөнгөн акчалай сумманы кайтарып берүүгө негиз болуп саналбайт.

**8. Талаштарды жөнгө салуу тартиби**

8.1. Сатуучу менен Сатып алуучунун ортосунда Товарды сатып алууда келип чыккан мамилелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

8.2. Келип чыккан талаштар жана келишпестиктер сүйлөшүүлөр аркылуу жана Сатуучуга кайрылуу же доо жөнөтүү жолу менен жөнгө салынышы мүмкүн. Жөнгө салынбаган талаштар Сатуучунун жайгашкан жери боюнча сот тартибинде чечилүүгө тийиш. Соттук териштирүүнүн тили – расмий тил.

**9. Башка шарттар**

9.1. Ушул Оферта Сайтта жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет. Сатуучу Сайтта жаңы редакциясын жайгаштыруу аркылуу ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

9.2. Сайт аркылуу Заказ же Суроо-талап тариздеп же Товарды түздөн-түз Дүкөндөн сатып алуу аркылуу Сатып алуучу тиешелүү сатып алууга колдонулуучу ушул Офертанын жоболору менен таанышканын ырастайт. Сатып алуучу тарабынан ушул Офертада каралган кандай гана ыкма менен болбосун Товарды төлөө ушул Офертаны толук жана шартсыз акцептөө дегенди билдирет.

учетом специальных правил, установленных пунктом 4.8 настоящей Оферты и законодательством Кыргызской Республики. Наличие недостатка, не являющегося существенным, само по себе не является основанием для замены технически сложного Товара либо расторжения договора купли-продажи и возврата уплаченной за Товар денежной суммы.

**8. Порядок урегулирования споров**

8.1. К отношениям между Продавцом и Покупателем, возникающим при приобретении Товара, применяется законодательство Кыргызской Республики.

8.2. Возникшие споры и разногласия могут быть урегулированы путем переговоров и направления Продавцу обращения или претензии. Неурегулированные споры подлежат разрешению в судебном порядке по месту нахождения Продавца. Язык судебного разбирательства – официальный язык.

**9. Прочие условия**

9.1. Настоящая Оферта действует с момента ее размещения на Сайте. Продавец вправе вносить в нее изменения путем размещения новой редакции на Сайте.

9.2. Оформляя Заказ или Запрос через Сайт либо приобретая Товар непосредственно в Магазине, Покупатель подтверждает, что ознакомлен с применимыми к соответствующей покупке положениями настоящей Оферты. Оплата Товара Покупателем любым способом, предусмотренным настоящей Офертой, означает полный и безоговорочный акцепт настоящей Оферты.